УДК: 316.613

*Абдыкаарова Турдукан, окутуучу,*
*Мааткеримова Айдай, окутуучу*
*Ош мамлекеттик университети*

# КОНФУЦИЙ ФИЛОСОФИЯСЫНДАГЫ ГУМАНДУУЛУК ПРИНЦИПТЕРИ

# ПРИНЦИПЫ ГУМАНИЗМА В ФИЛОСОФИИ КОНФУЦИЯ

# PRINCIPLES OF HUMANISM IN CONFUCIAN PHILOSOPHY

***Аннотация:*** *Бул макалада Конфуций философиясындагы гумандуулук принциптери чечмеленет. Ошондой эле "Лунь Юй" байыркы кытай тарыхый топтомундагы "асылзаада инсан" жана "пас адам" түшүнүктөрү кеңири чечмеленген. Коомубуздагы инсандык баалуулуктардын өз наркын жоготуп жаткандыгынын себептери көрсөтүлгөн.*

***Аннотация:*** *В этой статье рассмотрены принципы гуманизма философии Конфуция. А также расшифрованы такие понятия, как "благородный муж", "низкий человек" в историческом трактате Конфуция «Лунь Юй». Указаны причины утраты ценностей гуманизма в нашем обществе.*

***Abstract:*** *The principles of humanism of Confucian philosophy are discussed in this article. Such notions as "Noble husband", "Shallow man" in historical Confucian treatise Lun Lui are interpreted.*

***Түйүндүү сөздөр****: "жэнь","асылзаада", "пас адам", гумандуулук, инсан, инсандык баалуулуктар, жүрүм-турум эрежелери.*

***Ключевые слова****: "жэнь", "благородный муж", "низкий человек", гуманизм, личность, человеческие ценности, нормы поведения.*

***Key words****: "ren", "noble husband", "shallow man", humanism, human, human values, norm of behavior.*

Бизге белгилүү болгондой, "Лунь Юй" (Беседы и суждения) байыркы тарыхый топтомунда Конфуцийдин шакирттери тарабынан улуу кытай ойчулунун дүйнө таанымы кеңири көрсөтүлгөн. Бул эмгекте негизги түшүнүк катары "жэнь" принциби каралган. "Жэнь" адамгерчиликтүүлүктү, гумандуулукту жана инсанды баалоону түшүндүрөт жана асылзаада адамды ааламдагы жаныбарлар дүйнөсүнөн өзүнүн баалуулуктары менен айрымаланып турууучу жүрүм-туруму менен көрсөтүлөт [1].

"Жэнь" менен кошо бир нече инсандын моралдык сапаттарын да аныктап, ага баа берген. Мисалы: "Сяо" – уулдардын ата-энеге болгон сый-урматы; "Ди" – бир туугандык сүйүү, досторго (замандаштарга) жана айлана-чөйрөгө болгон сый мамиле; "И" – милдет, карыз, адилеттүүлүк; "Чжи" – акыл-эстүүлүк, туура чечим кабыл алуу; "Синь" – чынчылдык, ак ниеттүүлүк; "Ли" – үрп-адат, ырым-жырымдарды баалоо жана сактоо деген түшүнүктөргө акылмандык менен мүнөздөмө бере алган. Кунг Цзы жогорудагы инсандык сапаттарды аныктап, өзүнүн шакирттерине ташка тамга баскандай төмөнкү асыл ойлорун айтып калтырып кетет: "Асылзаада инсан негизи 3 моралдык принциптерге таянып жашайт... Инсанды сүйүү касиетине ээ болуп, ал капаланбайт, акылдуу болуп туруп, экиленбейт, күчтүү болгондон кийин коркпойт жана бардык нерселерди милдет катары кабыл алып, үрп-адаттарды унутпайт, жөнөкөй сүйлөйт жана кылган иши таза болот" [2].

Конфуций: "Аалам болумушу, анын өнүгүүсү жалпы бирдиктүү эрежелерге баш иет" - деген позицияны карманган жана адамдагы гумандуулук касиеттери басымдуулук кылуусу үчүн ал жалгандан, ач көздүктөн, бой көтөрүүдөн, эки жүздүүлүктөн, көрө албастыктан, ичи тардыктан, акылсыздыктан жана бекерчиликтен оолактануусу зарыл [3].

Улуу ойчулдун көз карашы боюнча гумандуулук касиеттери инсандагы чынчылдык, мээримдүүлүк, берилгендик, акылмандык, аракетчилдик, берешендүүлүк, айкөлдүк, курч акылдуулук жана улуттук салт-санааларды баалоо, сактоо сыяктуу баалуулуктар аркылуу калыптанат. Гумандуулук - асылзаада адамдагы негизги ар тараптуу касиеттин бири. Канча кылым өтсө дагы Конфуцийдин төмөнкү алтын эрежеси өзүнүн актуалдуулугун жоготпой келет: "Өзүңө каалабаганды өзгөгө да каалаба". Бул эрежеге баш ийүү заманбап доордогу материалдык байлыкты биринчи орунга койгон ач көз адам баласы үчүн бир топ

кыйынчылыктарды жаратат. Гумандуулук касиеттери калыптанган адам үчүн өз өмүрүн, жанын анын алдына койгон кең пейилдүү максаттарды ишке ашыруу үчүн берүү эч кандай кыйынчылыктарды туудурбайт. Гумандуулук касиеттер инсанда калыптангандан кийин, ал ошол бойдон калбайт, көбөйө берет [4].

Улуу философтун ою боюнча, дагы бир “пас адам” деген түшүнүк бар. Ал өзүнүн коркоктугу, туруксуздугу, моралдык жана физикалык жактан алсыздыгы менен асылзаада адамга каршы чыгат деп айтат. Ошондой эле актанууга аракеттенүү дагы кичи адамга жана аял затына тиешелүү касиет болуп эсептелинет.

Улуу устаттын “Лунь Юй” китебинде асылзаада инсан менен пас адамды салыштырып, жүрөктүн түпкүрүнө жете турган кылып, өзүнүн оюн төмөнкү цитаталарында мындай деп айткан: “Асылзаада инсан башына кыйынчылык түшкөндө татыктуу күрөшөт, ал эми пас адам күрөшүүдөн баш тартат; Асылзаада инсан өзүнүн жакшы жактарын билсе деле, анысы менен мактанбайт, адамдар менен тез тил табышат, ар дайым адилеттүү бойдон калат.

Асылзаада инсан бай жашаганды эңсеп, кара курсагын ойлонбойт, жай сүйлөп, көп тыңшайт, жакшы адамдар менен баарлашуу аркылуу өзүн оңдойт” [2]. Жогорудагы цитаталары аркылуу Конфуций ар дайым өзүн курчап жүргөн шакирттерин пас адам эмес, асылзаада инсандардан болуусун каалаган. Себеби ал өзүнүн айланасындагы окуучуларын тарбиялоо менен коомду тарбиялоого болоруна ишенген. Чынында эле анын азыркы кытай коомчулугундагы болуп жаткан ар тараптуу өнүгүүгө ошол окуучуларынын салымы чоң деп ойлом. Анткени ошол окуучулары гана устатынын айтып кеткен асыл ойлорун китеп кылып, кагаз бетине түшүрүп, окуусун улантып, коомду, мамлекетти тарбиялоого өздөрүнүн күч-аракетин, жада калса, өмүрлөрүн арнашканы анык.

Инсан жашоосунда асылзаада же пас адам болуусун өзү гана тандайт жана чечим чыгарат. Жалпысынан Конфуцийдин гумандуулук идеялары инсандын социумдагы моралдык идеалдуу жүрүм-туруму катары каралат жана мамлекет башкаруудагы негизги талап кылынуучу критерий болуп саналат. Гумандуулук идеяларынын коомго сиңирилиши менен дүйнө жүзүндө тынчтыктын өкүм сүрүүсүнө алып келүүсү мүмкүн. Ар бир инсан өзүнүн ар кандай максаттарын ишке ашырууда гумандуулук принциптерине таянуу менен жетишсе, учурдагы коомдогу чоң-чоң проблемалар өзүнөн-өзү чечилмек. Дүйнө жүзүндөгү пайда болгон глобалдык коркунучтуу көйгөйлөрдүн көбөйүшү менен заманбап коом үчүн гумандуулук идеяларын ылайыкташтырып, жаңыртып иштеп чыгып, сиңирүү керектиги айтылууда. Гумандуулук аркылуу гана адамзаттын бири-бирине, көпчүлүктүн азчылыкка, күчтүүнүн алсызга, байдын кедейге болгон мамилесин туура жолго коюуга болот. Баарыбыз биргеликте Жер деген планетанын жашоочусу экендигибизди түшүнгөнүбүз менен, кээ бирлерибиз моюн сунбай келебиз. Учурда илимий техниканын өнүккөн заманы болгону менен, анын жыйынтыгында көйгөйлөр азайбастан, кайрадан көбөйүп жатат. Анын негизги себеби, балким, адам баласы үчүн баалуулуктар болуп материалдык көз карандысыздык эсептелинип калгандыктандыр...

**Адабияттар:**


1. https://iphlib.ru/greenstone3/library/collection Электронная библиотека ИФ РАН «Новая философская энциклопедия» Жэнь;
2. “Лунь Юй” Л.С.Переломов. Восточная литература, 2001;
3. Конфуцианские принципы нравственного воспитания человека и их значения для современности. Научная статья. Ш.Л. Иванова, Ван Гохун, Вестник Томского госуд.университета 2017. №425.с.172-177
4. https://ru.citaty.net/avtory/konfutsii/